**"БЕКИТЕМИН"**
**Сокулук районунун**
**Аймактык шайлоо**
**Комиссиясынын төрагасы**
**Белеков А.Э.**
**____________________**
**"__10__" ____________2024 г.**

**Илимий-изилдөөлөрдү, илимий-техникалык иштерди, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык иштин натыйжаларын ишке ашыруу**

**АКТЫСЫ**

1. **Ишке ашыруучу:** юридикалык илимдер кандидатынын изденүүчүсү Абдылдаева Наргиза Уркасымовна

**2. Илимий жана (же) илимий-техникалык иштин натыйжаларынын изилдөөлөрүнүн, илимий-техникалык иштердин аталышы:** "Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики" (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери)

**3. Илимий иштин кыскача аннотациясы:** Конституциянын-укуктук негиздерин туу туткан, демократиялык нукта өнүгүү жолуна түшкөн мамлекетти курууда шайлоо институту жок ишке ашыруу мүмкүн эмес. Демократиялык мамлекетти куруу үчүн, жарандардын конституциялык укуктарын, анын ичиндеги шайлоо жана шайланууга болгон укуктарын камсыз кылып берүү маанилүү. 2015-жылдан тарта Кыргыз Республикасынын шайлоо системасында жүргүзүлгөн реформа аркылуу шайлоо процессине жаңы өзгөрүүлөр киргизилди, булар - автоматташтырылган эсептөө урна, биометрикалык паспорт, шайлоочулардын электрондук ачык тизмеси.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын өнүгүүсү төрт этапка бөлүнүп талданган.

**1-этап.** Демократиялык институттарды түзүү мезгили (1991-2000). 1991-жылы Кыргызстан Советтер Союзунан көз карандысыздыгын жарыялаган. Ушул мезгилде демократиялык институттарды, анын ичинде шайлоо системасын түзүү башталгандыгы көрсөтүлүп, 1993-жылы жаңы Конституциянын кабыл алынышы менен шайлоо системасынын негизги принциптерин, анын ичинде шайлоонун көп партиялуулук, эркиндик жана адилеттүүлүк принциптеринин бекемделгени көрсөтүлгөн.

**2-этап.** Шайлоо системасын өркүндөтүү, санариптешүү ситсемасынын биринчи этаптары (2000-2007). Бул мезгил шайлоо системасындагы

санариптешүүнүн биринчи өзгөрүүлөрү жана саясий туруксуздук менен мүнөздөлгөн.
**3-этап.** Шайлоо системасындагы орчундуу реформанын жүрүү этабы: демократияны жайылтуучу куралдардын бири катары партиялык тизме менен пропорционалдык системанын киргизилиши, санариптештирүү менен автоматизациялоону колдонууга киргизүү жетишкендиктери (2007-2020)
**4-этап.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын иштешине жана өнүгүшүнө таасирин тийгизген бир катар чакырыктарга жана өзгөртүүлөргө туш болууда (2020-2024).
2020-жылдын 4-октябрь айындагы парламенттик шайлоодон кийин Кыргызстанда саясий өзгөрүүлөр орун алып, шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу үчүн аны реформалоо зарылдыгы тууралуу талкууларды жаратты.

Реформанын максаты - шайлоо процессин жакшыртуу, шайлоо системасынын ачык-айкындуулугун жана адилеттүүлүгүн жогорулатуу. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын өнүктүрүү контекстинде изилденүү жана талдоону талап кылган актуалдуу темалар дагы да болсо жетиштүү. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын реформасынын улануусу зарыл экендигин 2020-жылдын 4-октябрь айындагы Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоосунун жыйынтыгы жокко чыгарылгандыгы менен далил катары кабыл алууга болот.

4. **Ишке ашыруунун эффектиси:** Илимий изилдөө иштеринин алкагында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын айрым беренелерине өзгөртүү киргизүү сунушталды. Илимий изилдөө иштерде тастыкталган маалыматтар, диссертацияда каралган сунуштар мамлекеттин шайлоо системасындагы мыйзамдарды иштеп чыгууда, негизги багыттарын аныктоодо колдонулушу мүмкүн:
4.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттарынын 2010-жылдан 2021-жылга чейинки шайлоолор, жана 2023-жылдын 28-май, 10-сентябрь, 2024-жылдын 28-апрель айларында бир мандаттуу округдан чыккан депутаттын мандаты бош калгандыгына байланыштуу кайра шайлоолордун жыйынтыгы анализденип көйгөлөр белгиленип, анын негизинде сунуштар берилүүгө аракет көрүлгөн. Илимий иште шайлоочулардын жалпы саны, анын ичинен шайлоого катышкандардын саны жана канчасы баарына каршы добуш бергендиги тууралуу цифралык маалыматтар жалпыланып жана ортодогу айырмачылыктарды салыштыруу максатында көрсөтүлгөн. Анализде шайлоочунун санынын өсүүсүн, ошол эле учурда шайлоого келип катышкан шайлоочунун санынын төмөндөшү байкалган.

4.2.Жүргүзүлгөн анализдин негизинде шайлоочулардын жылдан жылга шайлоо укугун ишке ашырууга болгон кызыгуусунун төмөндөөсү менен баарына каршы талапкердин саны өсүп, ушуну менен бирге жарандардын көз караштары жана баалулуктарынын өзгөрүүсү белгиленген.
4.3.Шайлоо системасынын реформалоосун улантуу конституциялык-укуктук негиздери өркүндөтүү үчүн негиз бар экендигин изденүүчү далилдеп көз карашын ачып берүүгө аракеттер көрүлдү.
4.4. Шайлоо системасында тиешелүү реформалар жүргүзүлүп, заманбап технологиялар колдонулуп, шайлоо процессине ачык айкындыкты тиешелүү органдар орното алды. Бирок шайлоонун жыйынтыгын бурмалоо кайсыл бир деңгээлде уланууда, жана бул көйгөйгө жеке шайлоочунун жана кызыктар тараптардын катышуусу бар деп негизделип талдоого коюлду. Илимий изилдөөнүн негизинде берилген сунуштарды тиешелүү мыйзам ченемдерине киргизүүнүн актуалдуулугу далилденди.

**5. Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Чүй облусунун Сокулук районунун аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана Сокулук районунун аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө илимий изилдөө иштин жыйынтыгы сунушталып, иште каралган негиздер, сунуштар жана талдоолор менен таанышып, аймактык шайлоо комиссиясына тиешелүү учурларды эске алдык.

**6. Ишке ашыруунун формасы:** Чүй облусунун Сокулук районунун аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы илимий иште сунушталган өзгөртүүлөр, толуктоолор боюнча маалыматтарды ченемдик-укуктук актыларга АШК тарабынан демилгелөө мүмкүнчүлүктөрү болгондо эске алуу үчүн кабыл алынды.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ СОКУЛУК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ СОКУЛУКСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

**Төрага** **Белеков А.Э.**

**Мүчө** Абдрашимова М.К.

**Мүчө** Асыкпибаева Р.Ж.

**Катчы** Момбекова Т.Д.